**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

Д 13.20.623 диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК: 37:378.14:494.3

**ОМУРОВА АЙНА МОЛДОГАЗИЕВНА**

# ДЕНЕ ТАРБИЯ БАГЫТЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРДИН КЕП ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨСТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАСЫ

13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(кыргыз тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн
жазылган диссертациянын

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

Бишкек – 2021

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Мусаева Венера Инятовна**
педагогика илимдеринин доктору,
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин педагогика факультетиндеги башталгыч мектепте кыргыз жана орус тилдерин окутуунун технологиясы кафедрасынын профессору

**Расмий оппоненттер:** **Чыманов Жеңишбек Арипович**
педагогика илимдеринин доктору
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин филологиялык билим берүүнүн технологиялары кафедрасынын профессору

**Исираилова Акдана Маматалиевна**
педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
И.Разаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин кыргыз тили кафедрасынын доценти

**Жетектөөчү мекеме:** С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин кыргыз тили жана адабияты кафедрасы.
Дареги: 722600 Нарын ш. С.Орозбак уулу, 25.

Диссертациялык ишти коргоо 2021-жылдын 30-июнунда саат 13.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын педагогикалык илимдердин доктору (кандидаты) жана психология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.13.20.623 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720023, Бишкек ш., 10-кичирайон, Т.Саманчин көчөсү, 10-а.

Диссертацияны коргоонун жүрүшүн онлайн трансляциянын идентификациялык коду https://vc.vak.kg/b/d13-twl-1v3-x7g.

Диссертация менен Д.13.20.623 диссертациялык кеңеши түзүлгөн И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (дареги Бишкек ш., Раззаков көчөсү, 51), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин (Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547), Кыргыз билим берүү академиясынын (Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 25) китепканаларынан жана http:arabaev.kg/do.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 28-майда таркатылды

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Омурбаева Д.К.**

## ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өнүктүрүү тууралуу мыйзамдын кабыл алынганына быйыл отуз эки жыл болот. Андан бери да бир катар расмий документтер кабыл алынып, Кыргыз Республикасында 2014-2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасында *“... эгемендүүлүк жылдары мамлекеттик тилди колдооо боюнча жигердүү күч-аракеттер жумшалганына карабастан, азыркы мезгилде кыргыз тилин колдонуунун чөйрөсүн кеңейтүүдө, биринчи кезекте мамлекеттик башкаруу, иш кагаздарын жүргүзүү жана кесиптик коммуникация чөйрөсүндө, ошондой эле жогорку билим берүү системасында кескин өзгөрүүлөрдүн болгондугу байкалбай жатат. Мамлекеттик тил республиканын бардык окуу жайларында окутулуп жаткандыгына карабастан, кыргыз тили эне тили болуп эсептелбеген жарандардын ондон бир бөлүгү гана бул тилди билет...” “ кыргыз тили экономика, билим берүү, илим чөйрөлөрүндө жана адистерди даярдоодо жетишсиз колдонулуп жаткандыгы”* белгиленген. Эне тилибиздин ушундай бүгүнкү абалынан улам, кыргыз тилинин түбөлүк түпкүлүктүү ордун, келечегин бекем түптөө, анын ар бир жогорку окуу жайында атайын окуу дисциплинасы катары системалуу түрдө терең окутулушуна кам көрүү маселеси турат.

Айрыкча, педагогикалык билимге ээ болуп жаткан болочоктогу педагог студенттерге байыркы Манас бабабыздан бери сакталган кылымдарды карыткан карт тарыхы бар кыргыз тилинин кесиптик сөздөрүн, кыргызча терминдерин лексика-фразеологиялык сөздүк корун окутуу аркылуу пикир алмашуу, карым-катнаш жасоо, кунт коюп уга билүү аркылуу сүйлөшүү, кыргызча баарлашуу, маектешүү менен сөз байлыгын кеңейтүүнүн натыйжасында кыргызча кеп ишмердүүлүгүнө ээ кылуу милдети мааниге ээ.

Кеп бул – пикир алышуу, сүйлөшүү, уга билүү маданиятынын негизги каражаты. Окумуштуу Поль Сопер “кептин башкы функциясы – карым-катнаш” деп белгилегендей, кеп ишмердүүлүгүнүн башаты бири бирин уга билүү аркылуу карым-катнаш жасоо мамилесинен башталаары анык. Психолог окумуштуу А.А.Бодалевдун “Инсан жана карым-катнаш”,“Карым-катнаштын психологиясы” аттуу көлөмдүү тандалма эмгектеринде *“инсандардын бири-бири менен карым-катнаш жасоосундагы кыйынчылыктар, анын себептери жана андан чыгуунун жолдору, инсандын калыптануусундагы пикир алмашуунун мааниси, карым-катнаштын ийгиликтүү ишке ашуусунун психологиялык-педагогикалык факторлору”* чечмеленген. Кеп ишмердүүлүгү инсандын акыл-эс ой жүгүртүүсүнөн баштап, бүтүндөй кулк-мүнөзүн, жүрүм-турум маданиятын чагылдырып, мүнөздөйт жана коммуникативдик ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугуна таасирин тийгизет. Кеп ишмердүүлүгү түздөн-түз кептик баарлашуу менен байланышкан адамдар үчүн, айрыкча, алардын кесиптик ийгилигинин олуттуу мааниге ээ болуусунун негизги шарттарынын бири. Студент жаштар кайсыл гана кесипке ээ болбосун алардын кыргызча үлгүлүү кеп ишмердүүлүгү алдыңкы орунда турганда гана өз мекенинин мыкты жаратман адиси катары калыптанаары анык. Дегеле, ар бир адамдын кыргызча кеп ишмердүүлүгү менен адистик-кесиптик ишмердүүлүгү жуурулушуп, бири-бирине төп келгенде гана керектүү натыйжага жетишүү менен өтөлгөлүү өмүр сүрөөрү талашсыз.

Ата Мекенибиздеги кыргыз тилин окутуу жаатында көрүнүктүү окумуштуу-педагогдор 1920-1930-жылдардагы алгачкы агартуучулар, алгачкы окуу китептерин даярдап, жалпы сабаттуулукка жол ачкан И.Арабаев, С.Нааматов, К.Тыныстанов, Х.Карасаев, Б.М.Юнусалиев, К.К.Юдахин, К.Бакеев, У.Бактыбаев, С.Турусбеков, С.Кудайбергенов, Д.Майрыков, Д.Исаев, ж.б. баштап, жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууга бүткүл өмүрүн арнаган окумуштуу-педагогдор К.К.Сартбаев, А.Осмонкулов, Т.Акматов, Ж.Мукамбаев, С.Давлетов, Б.Өмүралиев, А.Садабаев, А.Жапаров, К.Дыйканов, Ы.Жакыпов, Ж.Дүйшеев, Ш.Жапаров, С.Өмүралиева, С.Ибрагимов, Р.Эгембердиев, Б.Үмөталиева, А.Иманов, А.Сапарбаев, К.Токтоналиев, И.Абдувалиев, А.Чолпонбаева, С.Үсөналиев, Каратай Сартбаев, И.Султаналиев,

Т.Аширбаев, Б.Усубалиев, ж.б. ошондой эле, К.Д.Добаев, С.Ж.Мусаев, Ж.А.Чыманов, В.И.Мусаева, С.К.Рысбаев, К.А.Биялиев, А.С.Мукамбетова, Т.Маразыков, М.Сыдыкбаева, Т.Садыков, Т.Токоев, З.Тагаева ж.б. өздөрүнүн илимий-методикалык эмгектерин, окуу-методикалык куралдарын жана монографияларын иштеп чыгышкан.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизи катары, негизинен, Ата Мекендик кыргыз тилчи окумуштуулардын эмгектенине таянуу менен бирге эле кеп ишмердүүлүгүнүн ар кандай аспектилери боюнча жалпы эле педагогдордун, психолингвисттердин, методисттердин илимий идеялары саналды. Мисалга алсак, *кептик карым-катнаш* – Г.П.Грайс, Д.Карнеги, Е.В.Клюев, А.П.Панфилова ж.б. *карым-катнаш психологиясы* – А.А.Бодалев, А.А.Леонтьев, Я.Л.Коломинский ж.б. *ой жүгүртүү жана кеп* – А.С.Выготский, И.Гальперин ж.б. коммуникативдик кеп ишмердүүлүк ыкмасы – Е.С.Антонова, Е.Н.Зарецкая, А.А.Леонтьев, З.С.Смелкова ж.б. *сүйлөө маданияты* – Б.Н.Головин, Т.Г.Винокур, Л.А.Введенская, В.Г.Костомаров, Л.Г.Павлова, А.Н.Васильева, Т.А.Лебедова, П.Сопер, Н.А.Ипполитова, Ларри Кинг ж.б. *сөздүк байлык* – Д.Н.Ушаков, С.И.Ожегов, Н.М.Шанский, Е.Ю.Шведов, Г.О.Винокур, В.А.Петросян, Л.И.Скворцов ж.б. *угуу маданияты* – И.Атватер, Т.Г.Винокур, *окуу маданияты* В.Ф.Асмус ж.б. *кептик интенция (инсандын сүйлөөгө болгон ички каалоосу, ниети)* - Л.М.Майданова, Е.И.Шендельс ж.б. *окутууга болгон системалуу жана инсандык-ишмердүүлүк мамиле* - А.А.Леонтьев, С.Л.Рубинштейн ж.б. *кептик ишмердүүлүктүн психологиялык теориясы, педагогикалык баарлашуу* - Н.В.Кузьмина, Л.С.Выготский, А.А.Леонтьев, Н.Н.Жинкин ж.б. *окутууда акыл-эс иш-аракеттерди этап этабы менен калыптандыруу теориясы* - П.Я.Гальперин, Н.Ф.Талызина ж.б. *байланыштуу кеп* – Т.А.Ладыженская, В.И.Капинос, П.С.Пустовалов ж.б. *чечендик кеп* – Г.А.Апресян, Е.А.Ножин, Ю.В.Рождественский, А.К.Михальская, Е.Н.Зарецкая, Н.Н.Кохтев ж.б. *спорттук-педагогикалык кадрлардын профессионалдык ишмердиги жана кесиптик билими* - Н.В.Киршева, И.Х.Корбер, И.Ю.Люлевич, Т.А.Маркина, В.И.Маслов, С.Д.Неверкович, М.В.Прохорова, И.Н.Решетень, О.П.Топышев, Н.Н.Чесноков ж.б.

2019-жылдан берки бүткүл дүйнөнү титиреткен жугуштуу дарт адамзатка анын сак-саламатчылыгы эң башкы байлык катары алдыңкы орунда тураарын катуу эскертип өттү. Ушундан улам, быйылкы жыл КРнын Президенти тарабынан “Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясынын” жылы деп жарыялангандыгы бекеринен эмес.

Окумуштуу Е.Д.Никитина белгилегендей, дене тарбия окуу жайларынын бүтүрүүчүлөрү болочок педагогдук ишмердүүлүккө даярдануу менен балдар менен тил аркылуу пикир алышып иштешкендиктен, дене тарбиясынын ден соолукту чыңдоочу, кайра калыбына келтирүү дене тарбиясынын адистери болобу, спорттук менеджмент же орто жана жогорку билим берүүнүн окутуучулары, спорттун кайсы бир түрү боюнча машыктыруучу болобу, баары бир кеп ишмердүүлүгү аркылуу бири-бири менен баарлашууга түздөн-түз байланышы болоору бул - чындык.

Бирок ошентсе да, дене тарбия адистиктерине кыргыз тилин окутуу жаатында бир катар ***карама-каршылыктар*** орун алып келди. Алар:

- совет мезгилиндеги жетимиш жыл ичинде андан кийин да эгемендүүлүктөгү отуз жылдан ашуун убакытта, дээрлик бир кылымга тете мезгилде дене тарбия предметине сабак катары анчалык маани берилбей, экинчи планга сүрүлүп калуусу, атүгүл алыскы аймактарда да дене тарбия предмети орус тилинде окутулуп, кесиптик терминдер орус тилинен которулбастан (налево, направо, кругом ж.б.) ошол боюнча калгандыгы;
- жогорку окуу жайларында да дене тарбия дисциплиналарындагы анын кыргыз тилинде окутулушунда эмдигиче формалдуулуктун өкүм сүрүүсү;
- спорттук терминдердин толук түрдө кыргыз тилине так, туура которулбагандыгынан студенттердин сөзгө, кепке маани бербей, сөз байлыгынын жардылыгы;
- студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө арналган атайын илимий изилдөөнүн жүргүзүлбөгөндүгү;

- дене тарбия предметине көңүл бурулбагандыктан, кыймылдуу аракеттердин жоктугунан улам, айрым өспүрүм улан-кыздардын арасында кечке компьютерде отура бергендиктен улам да дене түзүлүшүндөгү мүчүлүштүктөр же кыймылсыздыктын ар кандай илдеттеринин пайда болуусу;

- мектептерде жана жогорку окуу жайларында дене тарбия сабактарында жаштардын дене боюнун, колу-бутунун булчуңдарынын туура өсүүсүнө машыктыруучу кыргыз элинин улуттук кыймылдуу спорт оюндарынын, акыл-эс маданиятына көнүктүрүүчү ар кыл элдик дидактикалык сөз оюндарынын дегеле практикаланбагандыгы, кыргызча окутулбагандыгы;

- Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын уюушулганына 60 жылдан ашса да бүгүнкү күнгө чейин кыргыз тилинен илимий иштер жазылбай келгендиги, кыргыз тилинде диссертациялардын жакталбагандыгы;

- дене тарбия мугалимдери үчүн талапка ылайык кыргызча толук кандуу окуу куралы, методикалык колдонмолор, окуу-методикалык куралдардын жоктугу, окуу программалары окуу жайынын өзгөчөлүгүн эске алуу менен кошумча иштелмелерди талап кылары, дене тарбия багытындагы мугалимдердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча илимий изилдөөлөр болбогондугу ж.б.у.с. көйгөйлөр жана карам-каршылыктар иштин актуалдуулугун тастыктоо менен бирге эле аталган теманы тандап алып, анын үстүндө иштөөгө негиз болду.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелердин илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы**. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын тилдер кафедрасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышта аткарылды.

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** - Кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз тилин окутууда окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

Бул максатка ылайык төмөндөгүдөй **милдеттерди** чечмелөө талап кылынды:

- жогорку окуу жайларындагы студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү талдоо жана анын дидактикалык принциптерин аныктоо;

- кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдарын педагогикалык эксперименттик метод аркылуу сыноодон өткөрүү.

- кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмаларын, формаларын жана окутуунун мазмунун аныктоо менен методикасын иштеп чыгуу

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

- кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуу, тилдик рухий асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктары тууралуу түшүнүктөрү учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды;

- кыргыз тилин окутууда студенттердин кыргызча кебин байытуунун дидактикалык принциптери аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү.

- кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери алгачкы ирет иштелип чыгып, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн теориялык негизине** кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн илимий багыттары,

окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөлөр, инсанды дене тарбия жагынан өнүктүрүү теориясы, жеке инсандын сак-саламатчылыгына багытталган окутуу методологиясы, кептик-коммуникативдик жактан окутуп-тарбиялоонун теориялык маселелери камтылат.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** илимий иштин материалдары жогорку окуу жайларында кыргыз тилин жаңыланган багытта окутууда, кыргыз тилин окутуунун жумушчу программаларын, стандарттарын, концепциясын, окуу-методикалык комплекстерди түзүүдө, дене тарбия адистигинен тышкары филолог эмес адистиктеги факультеттердеги студенттерди даярдоодо жана бул темага байланыштуу илимий изилдөөлөрдү улантууда пайдаланышы мүмкүн.

**Диссертациянын коргоого чыгаруучу негизги жоболору:**

- азыркы учурда замандын талабына ылайык көп тараптан өнүккөн, чыгармачыл, өз эне тилин урматтап-сыйлаган, адептүү сүйлөө маданиятына ээ, мекенчил, тилди, маданийрухий адеп-ахдак дөөлөттөрүбүздү сактап кала турган, өзүнүн сак-саламатчылыгына кам көргөн, ага аң-сезимдүү, маданияттуу мамиле жасаган дене тарбиясы жагынан туура өнүккөн студенттердин тилдик-коммуникативдик кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү, сөз корунун бай болушу коомдун өнүгүшүндө маанилүү ролду ойнойт;

- кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттерди угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кеп ишмердүүлүгүнө ээ кылуунун модели окутуунун коммуникативдик мазмунун байытуу менен аталган проблеманы чечүүгө системалуу мамиле жасоонун теориялык, практикалык негиздерин камтыйт;

- кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттерди тилдик-коммуникативдик, кептик-функционалдык ыкмаларга үйрөтүүнүн илимий-теориялык негиздеринин иштелип чыгышы жана кыргыз тилин окутууда анын усулдарынын, формаларынын колдонулушу кеп ишмердүүлүгүн ишке ашырууга өбөлгө болот.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** илимий жана илимий-методикалык адабияттарды өз алдынча окуп үйрөнүү менен жалпылаштырды, аларды талдоо менен көйгөйдү теориялык жана практикалык жактан негиздеп жана аны эксперименттик-тажрыйбалык сыноодон өткөрүү менен кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн жолдорун, ыкмаларын аныктап, практикага жайылтуусу автордун кошкон жекече салымы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын практикага жайылтылышы:** негизги теориялык тыянактардын тууралыгы, иштелип чыккан методикалык сунуштардын натыйжалуулугу Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика жана спорттун улуттук түрү, аскерге чейинки даярдоо жана дене тарбия, машыктыруу факультеттерине кыргыз тилин окутууда студенттер жана окутуучулар менен педагогикалык эксперименттик метод аркылуу текшерилди. Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары жогорку окуу жайларындагы эл аралык, республикалык илимий-практикалык конференцияларда жана симпозиумдарда талкууланды. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын стандартынын мазмунуна кыргыз тилин коммуникативдик компетенттүүлүккө багыттап окутуу жаатында алгылыктуу сунуштар киргизилди. Диссертациялык изилдөөнүн мазмуну боюнча 16 илимий методикалык макала, анын ичинен 2 макала чет өлкөдөн жарык көрдү жана “Дене тарбия жана спорт боюнча орусча-кыргызча сөздүк” түзүүгө катышты.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү:** диссертация киришүүнү, үч главаны, жалпы корутунду жана практикалык сунуштарды, 148 наамдагы колдонулган адабияттардын тизмесин, 9 сүрөттү, 10 таблицаны камтып турат. Иштин көлөмү 168 бет. Тиркемени кошкондо 243 бетти түзүп турат.

## ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутууда студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү талдоо”** аттуу **биринчи главада** кыргыз тилин окутуу боюнча жогорку окуу жайларынын окуу-нормативдик документтери, окуу-методикалык куралдары, илимий изилдөөлөр талдоого алынды. Бүгүнкү күндө жогорку окуу жайларында кыргыз тилин окутуунун методикасы жаатында профессорлор К.Д.Добаев, Ж.А.Чыманов, В.И.Мусаева, А.С.Мукамбетова, К.А.Биялиев, М.Сыдыкбаева, Т.Маразыков ж.б. үзүрлүү эмгектенип жаткандыгы, жогорку окуу жайлары үчүн У.К. Тажибаеванын кыргыз тили боюнча 32 саатка ылайыкталып, орус тайпаларына арналган кыргыз тили боюнча методикалык колдонмосунан сырткары алгылыктуу окуу колдонмолордун жоктугу, атайын илимий-изилдөө иштеринин аткарылбагандыгы белгиленди.

Жалпы эле жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутуу боюнча окумуштуу-методисттер, профессорлор К.Д.Добаев, Ж.А.Чыманов, В.И.Мусаева, А.С.Мукамбетова, К.А.Биялиев, М.Сыдыкбаева ж.б. бир катар эмгектерин айта алабыз. Профессор Ж.А.Чымановдун “Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы” аттуу көлөмдүү монографиясында кеп ишмердүүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрү белгиленген.

Жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун ар кыл маселелери боюнча акыркы он жыл аралыгында бир катар изилдөөлөр ишке ашырылгандыгын баса белгилемекчибиз. Тактап айтканда, К.А.Биялиевдин “Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары коммуникативдик багытта окутуу методикасынын негиздери” (2010-ж.), А.С.Мукамбетованын “Жалпы билим берүүчү мекемелерде кыргыз тилин окутууну инновациялоонун илимий-теориялык негиздери” (2013-ж.), М.М.Сыдыкбаеванын “Жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин тилдик компетенцияларын калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери” (2016-ж.) аттуу темаларда докторлук диссертациялары корголсо, ошондой эле, З.Ж Каразакованын “ЖОЖдордо кыргыз тилин экинчи тил катары окутууда студенттердин коммуникативдик компетенцияларын өнүктүрүүдө текст менен иштөөнүн методикасы” (2018-ж.), Д.К.Кулбачаевдин “Кыргыз тилин жогорку окуу жайларында экинчи тил катары окутууда студенттердин оозеки кебин өнүктүрүүнүн лингвистикалык негиздери” (2018-ж.), К.Б.Маматованын “Көп тилде билим берүү шартында жогорку окуу жайларында кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун методикасы” (2019-ж.) Төлөгөн Бейшеевдин “Педагогика адистигиндеги студенттердин кыргызча кебин байытууда сөздүк менен иштөөнүн методикасы” (2019-ж.), Н.К.Сегизбаеванын “Бакалавр даражасындагы студенттерге кыргыз тилин деңгээлдер боюнча үйрөтүү методикасы” (2020-ж.) аттуу темадагы кандидаттык диссертациялары жакталган.

Жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутуу жаатында, айрыкча, Кыргыз-түрк “Манас” университетинин окутуучулар жамаатынын жигердүү эмгектенип жатышканын баса белгилеп айтуу зарыл. Мисалга алсак, аталган окуу жайдын авторлор жамааты тарабынан 2009-жылы жарык көргөн “Манас” тил үйрөтүү топтомундагы деңгээлдер боюнча иштелип чыккан “Кыргыз тили” окуу китептери, “Тилден дилге” кыргыз тили окуу топтомундагы Ч.Айтматовдун көркөм чыгармалары боюнча окуп түшүнүү жана угуп түшүнүү жыйнагы (2011-ж.), “Кыргыз тилин окутуунун жаңыча ыкмалары” аттуу усулдук колдонмо (2006-ж.) ж.б..

Ошондой эле, Улуттук тест жүргүзүү борбору кыргыз тилин билүүнүн үч деңгээлине (баштапкы, орто, жогорку) коюлган талаптарды да сунуштаган. Буга кошумча, ОшМУнун окутуучусу З.Тагаеванын 2008-жылы жарык көргөн “Кыргыз тил сабактарында байланыштуу кепти окутуу” аттуу окуу куралынын IV главасы “Кеп ишмердүүлүгү жана анын методикалык, психологиялык негиздери” деп аталып, угуу, окуу, сүйлөө, жазуу ишмердүүлүгү, кыргыз тили мугалиминин коммуникативдик ишмердүүлүгү, кептик каталар жана баалоо критерийлери орун алган. Ал эми Азизбек уулу Бактыбек “Кеп

маданияты жана риторика” аттуу чакан лекциялар топтомунда кеп ишмердүүлүгүнө (угуу, сүйлөө, жазуу, түшүнүү) учкай гана токтолгон.

Казак окумуштууларынан профессор Жаксыликова Куляйдын “Орус тилдүү аудиторияда казак тилин модулдук окутуунун илимий-теориялык негиздери” аттуу темадагы докторлук диссертациясы 2001-жылы, Ержакыпов Муратбек Санакулынын “Лидер студенттердин сүйлөө маданиятын өстүрүүнүн педагогикалык негиздери” аттуу темада кандидаттык диссертациясы 2013-жылы корголгон.

Студенттерди кыргызча кеп ишмердүүлүгүнө ээ кылууда системалуу, үзгүлтүксүз билим берүү принцибине ылайык, бул маселенин орто мектептердин мисалында кандай изилденгендигин талдоодо окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин кыргыз тилинин предметтик стандартындагы кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүнүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) чечмеленип берилишин, профессор С.К.Рысбаевдин “Окуучунун сүйлөө жана жазуу ишмердиги”, “Кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун теориялык жаена практикалык маселелери” (2014-ж.) аттуу эмгектерин, К.Ш.Иманакунованын “Орто мектептерде кыргыз тили сабагында окуучулардын кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө макалдарды колдонуунун технологиясы” (2017-ж.), К.А.Абдраимовдун “5-класста кыргыз тилин окутууда көркөм текст аркылуу окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүү” (2019-ж.) аттуу кандидаттык диссертацияларды ж.б. белгилемекчибиз.

Ар бир кесиптик профилдеги болочок адистиктерде кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу маселеси көптөгөн изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурган. Мисалга алсак, С.Л.Братченко, В.А.Кан-Калик, В.К.Елманова, Г.И.Михалевская, Л.А.Петровская, В.А.Сластенин, О.М.Чусовитина, И.Н.Решетень, М.В.Прохорова, Н.В.Киршева, Б.Н.Головин, Т.А.Ладыженская, И.П.Андриади, И.В.Дятловская, В.П.Косихин, Т.А.Маркина, И.Ю.Люлевич, Е.Пассов, В.Л.Скалкин, Е.П.Ильин ж.б. өз эмгектерин арнагандыгы белгилүү.

Дене тарбиясы жана спорт чөйрөсүндөгү болочок адистердин жалпы эле кеп ишмердигин өрчүтүүнү изилдөөгө О.М.Чусовитна, И.Н.Решетень, И.Х.Кобер, М.В.Прохорова, Н.В.Киршева, И.П.Андриади, И.В.Дятловская, В.П.Косихин, Т.А.Маркина, И.Ю.Люлевич, Е.П.Ильин ж.б. өз эмгектерин арнаган. Окуу-машыгуу сабактарын жана тарбиялоочу ишти жүргүзүүдө педагогдун окуучуларга таасир этүүнүн негизги каражаты болуп жандуу кеп чыгат. Машыктыруучунун жана дене тарбиясы мугалиминин кеп ишмердүүлүгү кепти кыймылдатуучу координацияга байланыштуу, ал бир эле убакытта көнүгүүнүн сапатын, тууралыгын, тактыгын жана кептин көркөмдүүлүгүн бузбай, көрсөтүү жана түшүндүрө билүү билгичтигин мүнөздөйт.

Буларга кошумча дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдө улуттук спорт жаатындагы эмгектерге таянууга туура келди. Ошондой эле, совет бийлиги учурунда жалпы эле кыргыз элинин улуттук оюндарын изилдөөдө бир канча алдыга жылыштар болуп, ал тууралуу бир канча эмгектер жазылган. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки учурда А.Токторбаев, Х.Анаркулов жана М.Илебаев ж.б. тарабынан кыргыз элинин оюндарын изилдеген бир нече илимий жана популярдуу эмгектер жазылгандыгы белгилүү. Бул тармакта бир кыйла алдыга жылыш болгондугуна карабастан, спортчулардын кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүдө чечиле элек маселелер бар экендигин изилдөөлөр көрсөттү.

Ошону менен бирге эле изилдөөбүздө, негизинен, белгилүү дидакт Я.А.Коменский, К.Д.Ушинский, В.А.Сухомлинский баштаган кийин В.И.Максимов, Ж.А.Чыманов ж.б. бир катар окумуштуулар уланткан жалпы дидактикалык принциптерге таянуу менен дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун терминдер, кесиптик сөздөр менен байытуу аркылуу алардын кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү менен аларды болочоктогу мугалимдик кесибине даярдоо оң натыйжаны алып келери аныкталды. Буга чейинки аныкталган жеңилден оорго, илимийлүүлүк, теориядан практикага, системалуулук ж.б. дидактикалык принциптерди жетекчиликке алуу менен кыргызча кеп ишмердүүлүгүн

өстүрүүдөгү жеке дидактикалык принциптер катары тилдик-коммуникативдик, кыргыз тилинде системалуу баарлашуу, кырдаалдык-тематикалык, окуу материалдарынын коммуникативдик багыттары, коммуникативдик-функционалдык принцип ж.б.белгиленди. Окутууга тандалган коммуникативдик материалдар илимий негиздүүлүк жана системалуулук принциптерине ылайыктап окутууда, сөзсүз түрдө, лингвистикадагыдай ар тараптуу, бардык деңгээлдерди – фонетика, сөз жасоо, лексика, фразеологиядан, сөз түркүмдөрү орфографиядан баштап, синтаксис, пунктуация жана стилистикага чейин иреттүү, толук иликтеп, тереңдетип окутуунун анча зарылдыгы жокко эсе. Анткени теория менен практиканын байланышы принцибине ылайык, методикада, айрыкча, дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө «илимий грамматика менен бирдей деңгээлде эле практикалык грамматикага» (К.Биялиев) өзгөчө басым жасалды.

**"Кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары жана методдору" аттуу** диссертациянын **экинчи главасында** изилдөөнүн обьектиси менен предмети төмөнкүдөй аныкталды:

**Изилдөөнүн объектиси:** Кыргыз тилин дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** - Кыргыз тилин дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутууда кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.

Кыргыз тили боюнча изилдөө иштери Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын уюшулганына 60 жылдан ашуун мезгил өткөнү менен кийин гана колго алына баштаган. 1955-жылы мурдагы Кыргыз мамлекеттик физкультура институтунда тилдер кафедрасында орус, англис же немец тилдери гана окутулуп келген. Дене тарбия багыты (532000) боюнча Мамлекеттик стандарт окуу жайдын окуу-усулдук бирикмесинде 2012-жылы иштелип чыккан. Аталган документте: 1-ден, мамлекеттик тилдин грамматикасын, лексикасын билүү менен сөз байлыгы 2000 сөздөн кем эмес болуш керектиги; 2-ден, кыргыз тилинин негизги сөздөрүнүн жана кесиптик сөздөрдүн айтылышынын эквиваленттерин билүү зарылдыгы белгиленген. Билим берүүнүн жогорудагы Мамлекеттик стандартында 2013-жылдан баштап гана 1-2-курстарда кыргыз тилин эне тили катары окутууга 120 саат ыйгарылган. Анын негизинде биз жумушчу окуу программасын түзгөнбүз. Орус тайпаларына кыргыз тили эгемендүүлүккө ээ болгондон бери окутула баштап, мамлекеттик тилдин грамматикасын, лексикасын окутууга 120 саат бөлүнгөн. Тактап айтканда, 1-курска 88 саат - практикалык сабак, 90 саат - студенттердин өз алдынча иштери, 2-курска 32 саат - практикалык сабак, 60 саат - студенттердин өз алдынча иштери. Мына ушул жогоруда аталган окуу программасындагы окуу сааттарына ылайык кыргыз тилин жана адабиятын окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн методикасы биздин изилдөөнүн негизги материалдарынын мазмунун түзүп турат.

Изилдөөдө тарыхый-хронологиялык метод аркылуу кыргыз тили боюнча кыргыз алиппелеринен баштап, алгачкы окуу куралдары, окуу-методикалык колдонмолор, илимий иштер, диссертациялык эмгектер талдоого алынды. Ошондой эле, байкоо методу аркылуу алгачкы билим деңгээлдери аныкталса, салыштыруу жана жалпылоо методдору аркылуу студенттердин коммуникативдик окуу материалдарын өздөштүрүү деңгээлдери белгиленди. Тажрыйбанын бардык этабында аңгемелешүү, сурамжылоо анкета алуу методдорун колдондук. Талдоо, анализдөө жана статистикалык методдордун жардамы менен эксперименттин натыйжалуулугу аныкталды.

Кыргыз тилин окутууда дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү жаатында иштелип чыккан ыкмалар, методдор студенттерге аталган дисциплинаны окутуу процессинде педагогикалык экспериментте сыноого коюлуп, тиешелүү жыйынтыктар алынды. Педагогикалык эксперименттик метод жогоруда айтылган

окуу программасынын негизинде ишке ашырылды. Аталган программа диссертациялык эмгектин тиркемесине киргизилген.

Эксперименталдык база катары Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика жана спорттун улуттук түрү, аскерге чейинки даярдык жана спорт, машыктыруу факультеттери алынды.

**Эксперименттин биринчи этабында** (2015-2016-окуу жылы) жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутуунун теориясына жана практикасына арналган, педагогика жана психология, кеп ишмердүүлүгүнө байланыштуу илимий эмгектерди үйрөнүп, талдоого алдык. Кыргыз тилин окутуунун учурдагы ал-абалы иликтөөгө алынды жана дене тарбия багытындагы студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун кептик-коммуникативдик багыттагы дидактикалык принциптери иштелип чыкты. Анкеталык сурамжылоолор, студенттер, окутуучулар менен педагогикалык баарлашуулар өткөрүлүп, студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн практикалык жактан зарылдыгын аныктадык. Улуттук оюндар адистигин тандап алган студенттердин арасында «Кыргыз тили сабагы кандай болушун каалайсыз?» деген сурамжылоолорду жүргүзгөндө, алар төмөнкүлөрдү белгилешкен:

- *мазмуну түшүнүктүү жана кызыктуу болушу;*
- *окуу материалдар дене тарбия адистигине жакын болушу;*
- *маалыматтардын түрдүү булактары менен иштетүү;*
- *топтук иш жүргүзүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү түзүү;*
- *тексттер студенттердин кебин өстүрүүгө багытталып тандалышы;*
- *тексттер, тапшырмалар кыргыздын улуттук оюндарына байланыштуу болушу;*
- *тесттик тапшырмалар студенттердин логикалык ой жүгүртүүсүн жана чыгармачылыгын ойготууга түрткү бериши.*

**Эксперименттик методдун экинчи окутуучу, үйрөтүүчү этабында (**2015-2016; 2016-2017-окуу жылдары) экспериментке катышуучу текшерүүчү жана эксперименттик топторду тандадык. Экспериментке бардыгы 778 студент, алардын ичинен 434 студент 1-куртан, 344 студент 2-курстан катышышты. Кыргыз тили сабагында дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү максатында коюлган илимий божомолдун тууралыгын практика жүзүндө сыноодон өткөрүү менен тесттик суроо-тапшырмалар жүргүзүлүп, биз тараптан иштелип чыккан методикалык ыкмалар, усулдар, каражаттар, көрсөтмөлөр текшерүүчү жана эксперименттик топтордо сыноого коюлду. Коммуникативдик багыттагы кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) тууралуу буга чейинки илимий булактарга, методикалык адабияттарга таянуу менен аларды жетекчиликке алдык. Педагогикалык-тажрыйбалык иштин мазмуну аныкталып, студенттердин уга билүү, окуй алуу, сүйлөй билүү жана жаза алуу коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү менен тилдик, кептик жана маданий коммуникативдик компетенттүүлүктөргө ээ кылуу боюнча төмөнкүдөй окуу материалдары сыноодон өткөрүлдү:

***Кыргыз тилин окутууда студенттин угуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында:***

“Үндүү тыбыштар, алардын бөлүнүштөрү”, “Үнсүз тыбыштар, алардын бөлүнүшү” аттуу темаларды окутууда “Туулган жердин топурагы алтын” темадагы текстти аудио уктуруу (видео көрсөтүү).

*Аудио текстти угууга чейинки коммуникативдик машыгуулар:*

- уктурууга чейин туулган жер тууралуу суроо-жооп, баарлашуу өткөрүлдө;
- уктурула турган тексттин темасынын тегерегиндеги студенттердин билим, билгичтик, ыкмаларын ойготуу ишке ашты ж.б.

*Аудио уктурууну (видео көрсөтүү) угуу мезгилиндеги коммуникативдик иш аракеттер*:

- кунт коюп, түшүнүп угууга окутуучу студенттеоди багыттады;
- угуп жатканда башка нерсеге алагды болбоосу;
- студент уккандарын эсинде бекем сактап калуусу ж.б.

*Аудио текстти угуу (видео көрсөтүү) аяктагандан кийинки угуп-түшүнүү багытындагы коммуникативдик көнүгүүлөр:*

- текстеги үндүү жана үнсүз тыбыштарды классификациялап, таблица түзүшөт;
- созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү жыйнашат;
- туулган жер тууралуу макал-лакап, уламыштар айтылып, чечмеленет;
- А.Осмоновдун "Ата журт" аттуу ыры уктурулат;
- туулган жер тууралуу турмуштук мисалдар келтирилетж.б.

***Кыргыз тилин окутууда студенттин окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө, негизинен, сынчыл ойломдун стратегиялары ишке ашырылат:***

"Синоним сөздөр", "Омоним сөздөр", "Антоним сөздөр" аттуу темаларды окутууда "Кыргыз Республикасындагы даталуу күндөр (майрамдар)" аттуу темада улуу жеңиш күнү, жаңы жыл, кыргыз армиясынын күнү, аялдардын эл аралык майрамы, нооруз ж.б. темалардагы тексттер менен иштөө аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү.

- даталуу күндөрдүн маанисин, эмне үчүн аталып калган тарыхын билүүсү;
- башка элдердин майрамдарына талдоо жүргүзүүсү;
- синоним, омоним, антоним сөздөрдү таап, маанисин чечмелөөсү;
- синоним, омоним, антоним сөздөрдү катыштырып, сүйлөм, чакан текст түзүүсү;

*Текстти көз жүгүртүп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү:*

- текст тууралуу жалпы түшүнүккө, маалыматка ээ болуусу;
- керектүү абзацтарды же сүйлөмдөрдү окуу аркылуу маалымат алуусу.

*Текстти изилдеп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү:*

- тексттин темасын чечмелөө үчүн тексттеги негизги ойду табуу;
- тексттин мазмунун план боюнча айтып берүү
- синоним, омоним, антоним сөздөрдүн сөздүгүн түзүү ж.б.

*Текстти үйрөнүп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү бул - оозеки, жазуу кепке даярдоочу этап болгондуктан текстти окуп, аяктагандан кийин бир катар көнүгүү, машыгуулар, тапшырмалар аткарттырылат:*

- тексттеги лексикалык, грамматикалык каражаттарды билүү;
- сөздүктөрдү колдонуп, жаңы сөздөр менен иштөө;
- ар бир сөздүн маанисин түшүнүү;
- синоним, омоним, антоним сөздөрдү чечмелөө ж.б.

*Үйрөнүп окуу аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдөгү кептик-коммуникативдик машыгуу иштери.*

*Текстти окуганга чейинки машыгуу иштери тексттин мазмунун алдын-ала божомолдоо багытында ишке ашырылат :*

- таяныч сөздөр аркылуу сүйлөмдөрдү түзүү, аларды толуктап жазуу;
- сүйлөмдөгү бош калган жерлерге сөздөрдү туура коюу ж.б.

*Текстти окуп жаткандагы машыгуу иштери:*

- студенттин текстти толук түшүнүп, маани-маңызын аныктап билүүсү;
- тексттин аталышын тастыктаган сүйлөмдөрдү табуусу;
- негизги ой менен теманын байланышын ача алуусу

*Текстти окугандан кийинки коммуникативдик машыгуу иштери:*

- студенттин окуган текстти толук түшүнүүсү;
- студенттин сынчыл ойломунун өнүгүүсү, өзүнүн жекече ой-пикирин билдирүүсү;
- окутуучу менен студенттин текст тууралуу баарлашуусу ж.б.

***Кыргыз тилин окутууда студенттин сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында:***

*Энчилүү аттарды, орфографиялык эрежелерди окутууда "Кыргызстандагы ыйык жерлер" аттуу теманын алкагында Манас Ордо, Таш-Рабат, Сулайман тоо, Падыша Ата, Жети-Өгүз, Сары-Челек, Ысык-Көл ж.б. тууралуу тексттердин тегерегинде көнүгүү, машыгуулар аткарттырылды*

Сүйлөө ишмердүүлүгүндө ***студенттердин ар кыл кырдаалдарда оозеки пикир алышуу жөндөмдүүлүгү өнүктүрүлдү.*** Оозеки сүйлөө ишмердүүлүгүнө машыктырууда монолог, диалог жана полилогдук кептин үлгүлөрүнө үйрөтүлөт. Сүйлөөдөн мурда айтуучуда ички шык (мотив) пайда болуп, "кандай максатта, кандай сүйлөйм" деген ички оюн билдирүү, ишке ашыруу ниетинен улам, коммуникативдик каалоо - *кептик интенция* жаралат.


***Кыргыз тилин окутууда студенттин жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында***

"Зат атооч сөздөр", "Сын атооч сөздөр" аттуу темаларды окутууда "Кыргыз жеринин жаратылыш", "Кыргызстан таза суунун мекени", "Көлдөр, мөңгүлөр биздин байлыгыбыз" ж.б. темаларда жат жазуу, баяндама, дил баян эссе, доклад, реферат ж.б. жазуу жүзүндөгү практикалык иштер аткарылып, Жеңижок, Т. Сатылганов, Б.Алыкуловдун "Аккан суу" аттуу чыгармаларын аудиодон уктуруу, видеодон көрсөтүү аркылуу тексттеги сүрөттөөлөрдөн зат атооч, сын атооч сөздөрдү жыйнап, сөздүк түздүрүү ж.б. Иш кагаздарынын үлгүлөрү, тесттик суроо-тапшырмалар менен иш жүргүзүлдү.

**Эксперименттик методдун үчүнчү текшерүүчү, жыйынтыктоочу этабында (** 2017-2018; 2018-2019-окуу жылдарында) жогоруда тажрыйбада сыналган Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясынын педагогика, аскерге чейинки даярдык жана спорт факультеттеринин биринчи жана экинчи курстарынын студенттеринин уга билүү, окуй алуу, сүйлөй билүү жана жаза алуу коммуникативдик көндүмдөрүн өнүктүрүү багытындагы кеп ишмердүүлүгүнүн коммуникативдик окуу материалдары боюнча алынган натыйжаларды текшерүү, талдоо, анализдөө иштери жүргүзүлүп, текшерүүчү жана эксперименттик топтордун жыйынтыктары сандык жана сапаттык жактан талдоого алынып, статистикалык жактан жалпы жыйынтыктар чыгарылып, эксперименттик топтогу өсүштөр менен бирге эле студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүктөрүнүн деңгээлдик көрсөткүчтөрү тастыкталды (1-2-таблицалар, 1-сүрөт).

**1-таблица - Кыргыз тилин окутууда дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары (1-курстар боюнча)**


| Факуль-теттердин аталышы | сту дент-тин саны | текш. топ эксп. топ | угуу ишмер. (окуу матер.тек сттер) | окуу ишмер (окуу матер.тек сттер) | сүйлөө ишмер. (окуу матер.тек сттер) | жазуу ишмер. (окуу матер.тек сттер) | өздөш-түрүү деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Педагогика факультети | 120<br>130 | текш. топ<br>эксп. топ | 63%<br>79% | 67%<br>81% | 59%<br>82% | 49%<br>57% | 60%<br>73% |
| Аскерге чейинки даярдык факультети | 50<br>50 | текш.топ<br>эксп. топ | 52%<br>65% | 61%<br>71% | 57%<br>69% | 47%<br>53% | 55%<br>69% |
| Машыктыруу факультети | 44<br>40 | текш.топ<br>эксп. топ | 49%<br>53% | 47%<br>55% | 45%<br>52% | 40%<br>49% | 43%<br>54% |




1-курстардагы эксперименттин жыйынтыгында, педагогика факультетинде эксперименттик топто окуу 81% жана сүйлөө 82% га жетип, ал эми угуу 79%, жазуу 57% ды; аскерге чейинки даярдык факультетинде окуу 71%, сүйлөө 69%, угуу 65%, жазуу 53% ды, ал эми, спорт факультетинде окуу 55%, угуу 53%, сүйлөө 52%, жазуу 49% ды түзүп, студенттердин окуу, сүйлөө ишмердүүлүгүн өздөштүрүүлөрү алдыга озуп чыгуу менен жазуу ишмердүүлүгүндө кыйынчылыктарга учурай тургандыктары аныкталды.

**2-таблица - Кыргыз тилин окутууда дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүү боюнча педагогикалык эксперименттин жыйынтыктары (2-курстар боюнча)**

| Факуль-теттердин аталышы | сту дент-тин саны | текш. топ эксп топ | угуу ишмер. (окуу матер.тек стер) | окуу ишмер (окуу матер.тек стер) | сүйлөө ишмер. (окуу матер.тек стер) | жазуу ишмер. (окуу матер.тек стер) | өздөш-түрүү деңгээли |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Педагогика факультети | 94<br>100 | текш.топ<br>эксп. топ | 61%<br>75% | 65%<br>79% | 58%<br>80% | 45%<br>51% | 59%<br>71% |
| Аскерге чейинки даярдык факультети | 25<br>54 | текш.топ<br>эксп. топ | 51%<br>62% | 59%<br>69% | 56%<br>68% | 43%<br>49% | 53%<br>65% |
| Машыкты-руу факультети | 41<br>30 | текш.топ<br>эксп. топ | 45%<br>51% | 45%<br>54% | 44%<br>51% | 39%<br>47% | 42%<br>53% |




2-курстардагы эксперименттин жыйынтыгында, педагогика факультетинде эксперименттик топто окуу 79% жана сүйлөө 80% га жетип, ал эми угуу 75%, жазуу 51% ды; аскерге чейинки даярдык факультетинде окуу 69%, сүйлөө 68%, угуу 62%, жазуу 49% ды, ал эми, спорт факультетинде окуу 54%, угуу 51%, сүйлөө 51%, жазуу 47% ды түзүп, студенттердин окуу, сүйлөө, угуу ишмердүүлүгүн өздөштүрүүлөрү жогору болуу менен жазуу ишмердүүлүгүндө төмөнүрөөк көрсөткүчтөр тастыкталды. Жалпы үч факультетти салыштырып караганда, педагогика жана спорттун улуттук түрү факультетинин студенттеринин өздөштүрүүлөрүндөгү өсүштөр жогору экендиги аныкталды.

Жыйынтыктап чыкканда **өздөштүрүүнүн өсүшү орто эсеп менен 10,7 %** ды түздү.

Тажрыйбадан алынган оң жыйынтыктар биз тараптан коюлган илимий божомолдун туура экендигин жана изилдөөнүн алдына коюлган милдеттер натыйжалуу ишке ашырылгандыгын далилдеди.

**“Кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун методикасы“** аттуу **үчүнчү главада** кыргыз тилин окутууда студенттердин кеп ишмердүүлүгүн (угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) өнүктүрүүнүн ыкмалары, формалары, методдору жана модели иштелип чыккан. Изилдөөчү кыргыз элинин дидактикалык жана улуттук элдик оюндарын аткарууда коммуникативдик билим, ыкма, билгичтиктерди калыптандыруунун айрым үлгүлөрүн келтирген.

Профессор Ж.А.Чыманов “Кеп ишмердиги – өз ичине бир нече түрлөрдү (сүйлөө, угуу, жазуу, окуу) камтыган татаал кубулуш” деп, таасын белгилеген. Коммуникативдик багыттагы кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрү ( угуу, окуу, сүйлөө, жазуу) тууралуу буга чейинки илимий булактарга, илимий-методикалык адабияттарга таянуу менен алардын ар бирине мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен аларды окутуунун ыкмалары, формалары жана каражаттары иштелип чыгып, сунушталды. Методисттер белгилегендей, кеп ишмердүүлүгүнүн ичинен эң татаалы бул – угуу ишмердүүлүгү болуп саналат.

***Кыргыз тилин окутууда студенттин угуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытындагы коммуникативдик иш аракеттер:***

“Кыргыз адабий тилинин өнүгүшү”, Адабий тилдин чен-өлчөмдөрү”, “Диалектилик сөздөр”, “Кесиптик сөздөр”, “Терминдер” аттуу темаларды окутууда “Эсенгул Ибраевдин “Улут болсом тилим менен улутмун”, Шайлообек Дүйшеевдин “Кайдыгерлик” аттуу чыгармаларын аудио уктуруу (видео көрсөтүү).

*Аудио текстти угууга чейинки коммуникативдик машыгуулар*

Жогоруда аталган тексттер боюнча аудио уктурууга угузганга чейин окутуучу студенттер менен биргеликте улут, эне тили, кыргыз тили, мамлекеттик тил тууралуу суроо-жоопторду уюштуруу менен баарлашууну өткөрүү менен студенттердин алдыда уга турган тексттин темасына, идеясына карата кызыгууларын жарата алат; текстте эне тили, анын мааниси, орду, ролу тууралуу айтылаарын түшүндүрүү менен уктурула турган тексттин темасынын тегерегиндеги студенттердин билим, билгичтик, ыкмаларын ойготот; проблемалык кырдаалдагы суроолор коюлуп, “мээге чабуул” жасалып, уктурула турган тексттин мазмуну божомолдонот; жаңы сөздөр, терминдер менен таанышышып, алардын маанилери чечмеленет; тексттин темасына, андагы таяныч сөздөргө карата тексттин мазмуну алдын-ала болжолдогот; тексттеги таяныч сөздөрдөгү диалектилик сөздөр, кесиптик сөздөр жана терминдер талдоого алынып, текстти угууга даярдык иштери аткарылат.

*Аудио текстти уктурууну (видео көрсөтүү) угуу мезгилиндеги коммуникативдик иш аракеттер*

Э. Ибраевдин “Улут болсом тилим менен улутмун”, Ш. Дүйшеевдин “Кайдыгерлик” аттуу чыгармаларын кунт коюп, түшүнүп угууга окутуучу студенттерди багыттайт; чыгармаларды угуп жатканда студент башка нерселерге алагды болбоосу, студент уккандарын эсинде бекем сактап калуусу, тексттеги окуяны баамдап билүүсү үчүн окутуучу кам көрөт; эгерде, айрым сөздөр, терминдер түшүнүксүз болсо студент ага көңүл буруу менен алар боюнча өзүнүн суроолорун даярдайт; тектти угууга чейинки божомолдорду ырастайт же болбосо, аларды төгүнгө да чыгара алат жана ал укканын кайра айтып берүүгө даяр болуусу шарт.

*Аудио текстти угуу (видео көрсөтүү) аяктагандан кийинки угуп-түшүнүү багытындагы коммуникативдик көнүгүүлөр:*

Э. Ибраевдин “Улут болсом тилим менен улутмун”, Ш. Дүйшеевдин “Кайдыгерлик” аттуу чыгармаларынын темасы, идеясы жана мазмуну талкууланат; аталган чыгармалар боюнча тыянак чыгарылып, аларга тиешелүү баа да берилет; бул эки тексттин ар бирине план түзүлүп, толукталып, кошумчаланышы да мүмкүн; студенттер тексттеги диалектилик

сөздөрдү, кесиптик сөздөрдү, терминдерди жыйнап, классификациялап, таблица, кластер түзүшөт; ал сөздөр катышкан сүйлөмдөрдү жыйнашат; эне тили, кыргыз тили, мамлекеттик тил тууралуу макал-лакап, накыл кептер, уламыштар айтылып, чечмеленет; эне тили, кыргыз тили, анын орду, мааниси тууралуу турмуштук мисалдар келтирилет; угулган тексттердеги калтырылган айрым сөздөр же сүйлөмдөр толукталат; жооптордун арасынан туура жоопту таап, суроолорго жооп беришет; тигил же бул окуяны баяндап, сүрөттөп жана ой жүгүртүп, оозеки айтуу менен тексттин мазмунуна ылайык өз алдыларынча план түзүү менен ал план боюнча тексттин мазмунун оозеки сүйлөп беришет; окутуучу студенттин уккан текстин түшүнгөнүн текшерет; тексттеги ойлорго алардын макулдугун же макул эместигин аныктайт; тексттер боюнча тесттик тапшырмаларды аткарттырат; айрым учурда аудио текст эки жолу да уктурулат; кайталанып угузууда айрым бир калтырылып кеткен сөздөрдү, сүйлөмдөрдү студенттер таап, тексттин мазмунун толуктоо менен тексттеги негизги ойду таап чыгышат;текст канча бөлүктөн тураарын табышат; бир нече теманын ичинен текстке ылайык теманы тандашат. "Уга билүү бул – маданият" дегендей, ар бир угулган аудио тексттен студент кандайдыр бир өзүнө керектүү, пайдалуу окуу-тарбиялык маанидеги маалымат менен камсыз болуусу зарыл ж.б.

***Кыргыз тилин окутууда студенттин окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө, коммуникативдик багыттагы окутуу:***

"Сөздүн түз мааниси", "Сөздүн өтмө мааниси", "Көп маанилүү сөздөр" аттуу темаларды окутууда "Манас" эпосундагы кыргыздын тамак-аш лексикасы тууралуу "Манас", "Семетей, "Сейтек" эпосторунан мисалдарды алуу, ал тексттер менен иштөө аркылуу окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү.

- "Манас", "Семетей, "Сейтек" эпостору тууралуу билүүсү;
- студент тексттин маанисин терең түшүнүү менен кунт коюп окуу менен окуганын кайра айтып берүүсү;
- текстти бат жана түшүнүп, аң-сезимдүү окуусу;
- көп маалыматтын арасынан керектүүсүн таап, окуусу;
- сөздүн түз маанисин, сөздүн өтмө маанисин, көп маанилүү сөздөрдү таап, жыйнап, алардын маанисин чечмелөөсү;
- сөздүн түз маанисин, сөздүн өтмө маанисин, көп маанилүү сөздөрдү катыштырып, сүйлөм, чакан текст түзүүсү.

***Окуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө окуп түшүнүүнүн төрт деңгээли ишке ашырылды:***

*Биринчи дэңгээлде* студент текстти үстүртөн жалпы кабыл алып, ооба же жок деген түшүнүк менен гана чектелет;

*Экинчи дэңгээлде* студент тексттин ички маанилик байланыштарын түшүнүү менен берилген суроолорго макулдугун же макул эместигин билдирүү менен өз алдынча суроолорду түзө алат;

*Үчүнчү дэңгээлде* студент тексттеги негизги каармандарды, окуя-көрүнүштөрдү түшүнүү менен аларды баяндап, сүрөттөй алууга жетишет;

*Төртүнчү дэңгээлде* студент тексттин темасын, негизги оюн, маанисин түшүнүп, тексттин бөлүктөрүн дааналап билип, ар бир бөлүктөгү негизги ойду аныктоо менен тексттин аталышынын себептерин таап чыгып, өзү да текстке тема коё алуу деңгээлине жетишет. *Окуу ишмердүүлүгүндө негизинен, сынчыл ойломдун стратегиялары ишке ашырылат.*

***Угуу жана окуу*** ишмердүүлүгүндө "Манас" эпосундагы улуттук оюндарга байланыштуу эпизоддорду Кошой менен Жолойдун күрөшү ж.б. окутуу, элдик дидактикалык оюндарды пайдалануу, кыргыз элинин акын-жазуучуларынын, мисалы, А.Осмоновдун «Ата журт», «Табият менен музыка», «Неге кечигет», «Ысык-Көл», «Адамзат», «Оорулуу акын», «Ден соолук» ж.б. ырларын аудио-видео тасмалар аркылуу угузуу, көргөзүү, окуттуруу, көркөм текст менен иштетүү, текстти оозеки талдоо, окутуучу

менен студенттин өз ара баарлашуусу, тексттерди көркөм, уккулуктуу, кырааты менен окуу жана жатка айтып берүү, өз алдынча чыгармачылык менен ой жүгүртүп, акынды туурап, чакан ыр жаратуу ж.б. машыгуулар ишке ашырылды.

***Кыргыз тилин окутууда студенттин сүйлөө ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдөгү коммуникативдик багыттагы окутуу :***

Сүйлөө оозеки формада ишке ашып, жалпысынан алганда, сүйлөшүүнүн максаты, темасы, убактысы жана орду, сүйлөшүүчүлөрдүн өз ара мамилеси, социалдык абалы ж.б. факторлор биринчи орунда турат. Профессор Ж.А.Чыманов “Сүйлөшүү ишмердиги жалпы адам ишмердигинин ажырагыс бир бөлүгү” десе, профессор Т.Маразыков сүйлөшүүнү бүтүндөй система катары карап, төмөнкүдөй чечмелеген: *сүйлөшүүнүн чөйрөсү; сүйлөшүүнүн максаты; сүйлөшүүнүн милдеттери; сүйлөшүүнүн темасы; сүйлөшүүнүн багыты; сүйлөшүүнүн орду; сүйлөшүүнүн мезгили; сүйлөшүүнүн шарт-кырдаалы ж.б.*

Сүйлөө ишмердүүлүгүндө ***студенттердин ар кыл кырдаалдарда оозеки пикир алышуу жөндөмдүүлүгү өнүктүрүлдү.*** “Сүйлөй билүү бул – өнөр” дегендей, Оозеки сүйлөө ишмердүүлүгүнө машыктырууда ***монолог, диалог жана полилогдук кептин*** үлгүлөрүнө үйрөтүлөт.

Сүйлөөдө үндүн тону, темпи, дикциясы, көз карашы, кыймылдары, жести, интонациясы башкы орунда тургандыктан, алгач, окутуучунун өзүнүн сүйлөөсү үлгү катары болуш керек.

Сүйлөөдөн мурда айтуучуда ички шык (мотив) пайда болуп, “кандай максатта, кандай сүйлөйм” деген ички оюн билдирүү, ишке ашыруу ниетинен улам, коммуникативдик каалоо - ***кептик интенция*** жаралат.

***Кыргыз тилин окутууда студенттин жазуу ишмердүүлүгүн өнүктүрүү багытында***

“Кош сөз”, “Кошмок сөз, “Бириккен сөздөр”, “Кыскартылган сөздөр” аттуу темаларды окутууда “Ар бир кесип ардактуу” деген теманын алкагында мугалим, дарыгер, инженер, экономист ж.б. кесиптердин ар бири боюнча даярдалган даяр тексттер менен иш жүргүзүү. Андан соң студенттерге аталган темада жат жазуу, баяндама, конспект, анын түрлөрү (толук, кыскартылган), дил баян эссе, доклад, реферат, иш кагаздарынын үлгүлөрү (арыз, өмүр баян, ишеним кат, кулактандыруу ж.б. практикалык иштер аткарттырылат.

Кыргыз тилин окутууда “Кыргыз рухунун туу чокусу” (Ч.Айтматов) «Манас» эпосу аркылуу студенттердин угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кебин коммуникативдик багытта өстүрүүнүн ыкмалары 3-главанын 4-параграфында иштелип чыкты. Мисалга алсак, *эпостогу акыл-эсти калыптандыруучу жана кыймылдуу оюндар аркылуу оозеки, жазуу кебин өнүктүрүү багытында, лексико-грамматикалык темалардын тегерегинде сабактын үлгүлөрү, окутуучунун лекция-сабагы, эпостун тексти боюнча студенттердин өз алдынча иштери* чагылдырылды.

*Окутуучунун практикалык сабактарында* улуттук оюндар жалпы кыргыз элинин түпкү маданиятынын көрөңгөсү, жоокерлерди душмандарга каршы күрөшкө даярдоочу тарбиялоонун ыкмасы же жол-жобосу болуп келгендиги, дүйнө элдердин кызыгуусун арттыраары тууралуу студенттин *угуу ишмердүүлүгүн* өнүктүрүүчү коммуникативдик максаттагы окуу материалдары орун алды. Элдик оюндар аркылуу оозеки сүйлөшүү, баарлашуу, маектешүү ыкмаларына, кеп өнөрүнүн элементтерине, инсанды коммуникативдик жактан өнүгүү көндүмдөрүнө машыктыргандыктан кызыктуу жана баалуу болгон. Ошондой эле, кыргыз, казак, түрк-монгол жана башка мурдагы көчмөн калктардын элдик спорттук оюндарына *тогуз коргоол, ордо жана чүкө ж.б.* кирген. Чүкө оюнунун элементтерин пайдалануу менен кыргыз тилин жана адабиятын окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүдө төмөнкүдөй көнүгүүлөр окутууга сунушталды: *сөздүк-семантикалык машыгуу иштери; чүкө оюнундагы кездешүүчү сөздөр; түшүндүрмө сөздүк менен иштөө; текст менен иштөө; сабактын үлгүсү; текстти түшүнүп көркөм окуу; грамматикалык көнүгүүлөр;*

*тесттик тапшырмалар; сабактардын иштелмелери; грамматикалык темалар – этиштин ыңгайлары ж.б.; лексикалык тема – чүкөгө байланыштуу сөздөр ж.б.)*

Инновациялык окутуу технологияларын мисалы: *аудио угуу, видео көрүү, окуу тасмаларын, интерактивдүү доскаларды, көрмө окуу фильмдерин, диафильм, слайддарды, электрондук окуу китептерин, окуу планшеттерин, интернеттик окуу планшеттерин, тилдик-энциклопедиялык маалыматтык, тематикалык сөздүктөрдү, сүрөттүү котормо тексттерди, кептик үлгүлөрдү, диалогдорду, интерактивдик методдорду, жуп менен, топ менен иштөө, изилдөөчүлүк-долбоор түздүрүү, сынчыл ойломдун методдорун* ж.б. пайдалануу аркылуу кептик-коммуникативдик багытта окутуунун үлгүлөрү сунушталды.

Диссертацияда педагогикалык жана илимий методикалык адабияттарга талдоо, жалпылоо педагогикалык эксперимент жүргүзүүнүн натыйжасында кыргыз тилин жана адабиятын окутууда **дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн жалпы модели (диссертацияда камтылды) иштелип чыкты**.

## ЖАЛПЫ КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Изилдөөнүн жыйынтыгында, негизинен, белгиленген максатка жетүү менен коюлган милдеттердин толук ишке ашырылгандыгын белгилейбиз

1. “Жогорку окуу жайларындагы студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү талдоо жана анын дидактикалык принциптерин аныктоо” аттуу биринчи милдетти ишке ашырууда кыргыз тили жана адабиятын окутууда жогорку окуу жайларындагы студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү жаатындагы илимий-теориялык жана илимий-методикалык изилдөөлөрдүн тарыхы талдоого алынды жана окутуунун дидактикалык принциптери аныкталды. Педагогикалык адабияттарды анализдөө маалымдагандай, студенттердин кыргыз тилин билүү деңгээлин көтөрүү, кепти профессионалдык-кесиптик баарлашуунун каражаты катары колдонуу билгичтигин калыптандыруу, тагыраагы, коммуникативдүү сабаттуу адисти даярдоо маселеси турат. Болочокто педагог боло турган адистин кыргызча кеп ишмердүүлүгү анын натыйжалуу кептик-кесиптик ишмердүүлүгүн ишке ашырууда маанилүү ролду ойнойт. Ошондуктан кыргызча кеп ишмердүүлүгүн кесиптик адистикте аракетке келтирүү маанилүү билгичтиктердин бири катары эске алуу максатка ылайыктуу.

2. “Кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдарын педагогикалык эксперименттик метод аркылуу сыноодон өткөрүү деген аталыштагы экинчи милдетти аткарууда кыргыз тили жана адабиятын окутууда жогорку окуу жайларында окутууда студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү боюнча изилдөөнүн материалдары аныкталды жана педагогикалык эксперименттик метод аркылуу сыноодон өткөрүлдү. Тактап айтканда, кыргызча кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу түрлөрүнүн ар бир боюнча кыргыз тилинин окуу материалдарынын мазмуну, аларды окутуп-үйрөтүүнүн методдору, ыкмалары педагогикалык тажрыйбанын негизинде сыноодон өткөрүлүп, натыйжалуу жыйынтыктарга ээ болуу менен практикага жайылтылды.

3. “Кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмаларын, формаларын жана окутуунун мазмунун аныктоо менен методикасын иштеп чыгуу” аттуу үчүнчү милдетти иштеп чыгууда студенттердин кыргызча кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмаларын, формаларын жана окутуунун мазмунун аныктоо менен методикасын иштеп чыктык. Кеп ишмердүүлүгүнүн угуу, окуу, сүйлөө, жазуу түрлөрүнүн ар биринин коммуникативдик багыттары боюнча кыргыз тили жана адабиятынын окуу материалдарынын мазмунунун негизинде окутуунун технологиясы, жалпы модели иштелип чыгып, окутууга сунушталды.

**Жалпы корутундулардын негизинде төмөнкүдөй практикалык сунуштар иштелип чыкты:**

- жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууда ар бир адистик кесип боюнча кептик- коммуникативдик ишмердүүлүктү өнүктүрүү үчүн студенттердин кептик ишмердүүлүгүнүн баштапкы деңгээлин биринчи курстан тартып диагноздоо милдеттүү болгондуктан, кыргыз тилинин окуу сааттарын көбөйтүү зарыл.

- жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууда ар бир адистиктиктеги кесип боюнча кыргызча кептик-коммуникативдик-кесиптик ишмердүүлүктү өнүктүрүү багытында окуу-методикалык комплекстерди, типтүү окуу программаларын, окуу куралдарын, тематикалык сөздүктөрдү иштеп чыгуу.

- жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууда ар бир адистик кесип боюнча кыргызча кептик- коммуникативдик-кесиптик ишмердүүлүктү өнүктүрүү багытында студенттердин өз алдынча иштерин жана кесиптик-базалык-профессионалдык практикаларда педагогикалык баарлашууларды системалуу уюштуруу

- жогорку окуу жайларда кыргыз тилин окутууда студенттин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу – дисциплиналар аралык мүнөздөгү көйгөй экенин эске алуу менен студенттердин кептик- коммуникативдик билгичтиктеринин калыптанышы бир гана кыргыз тили сабактарында эмес, башка дисциплиналарды окуп-үйрөнүүдө бүтүндөй окуу жайдын окуу ишмердүүлүк процессинде ишке ашырылышын камсыздоо.

**Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде чагылдырылды:**


1. **Омурова А.М.** Дене тарбия жана спорт боюнча орусча-кыргызча сөздүк (7220 сөз) [Текст] / А.М. Омурова, А.М.Наралиев, М.К. Саралаев ж.б. // Кыргыз энциклопедиясы башкы редакциясы. - 2015. -244 б.
2. **Омурова А.М.** Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун инновациялык методдору [Текст] / А.М. Омурова // Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары. - 2015. -№ 3(35) -292-298-бб.
3. **Омурова А.М.** Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун заманбап методдору [Текст] / А.М. Омурова // Дене тарбия жана спорт жарчысы - 2015.- № 1 (12) - 244-249-бб.
4. **Омурова А.М.** Студенттердин кеп ишмердүүлүгүнө окутуп-үйрөтүүнүн актуалдуу маселелери. [Текст] / А.М.Омурова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. - Атайын чыгарылыш - 2015. - 56-59-бб.
5. **Омурова А.М.** Алыкул Осмоновдун дене тарбия багытындагы чыгармаларын окутуу аркылуу студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү / [Текст] / А.М. Омурова // Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы. - Атайын чыгарылыш. - 2015. - 227-230-бб.
6. **Омурова А.М.** Кыргыз акындарынын көркөм тексттеринин мисалында студенттердин оозеки, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун айрым маселелери. [Текст] / А.М. Омурова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. - Атайын чыгарылыш - 2015. - 88-91-бб.
7. **Омурова А.М.** Дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн дидактикалык принциптери [Текст] / А.М.Омурова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. - Атайын чыгарылыш - 2015 - 130-134-бб.
8. **Омурова А.М.** Дени сак муунду даярдоодо студенттердин сөздүк корун байытуу аркылуу кеп ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн талаптары. [Текст] / А.М. Омурова // Ж.Баласагын атындагы КУУнун жарчысы. - Атайын чыгарылыш. -2015. -263-265-бб.
9. **Омурова А.М.** Кыргыз тили сабагында студенттердин оозеки кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун ыкмалары жана формалары [Текст] / А.М. Омурова // Дене тарбия жана спорт жарчысы - 2016. -№ 1 (13) - 137-141-бб.

10. **Омурова А.М.** Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн калыптандырууда Жеңижок менен Токтогулдун санат ырларынын окутуп-тарбиялоочулук маани-маңызы [Текст] / А.М. Омурова // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жарчысы. - Атайын чыгарылыш -2017 - 402-407-бб.

11. **Омурова А.М.** Дени сак муунду даярдоо жаатындагы келечектеги адистердин сөздүктөрүн байытууда дидактикалык чыгармалар аркылуу сүйлөө жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү [Текст] / А.М. Омурова // Дене тарбия жана спорт жарчысы. - 2017 (18) - №3 -136-139-бб.

12. **Омурова А.М.** «Манас» эпосунун дени сак муунду тарбиялоо идеясынын негизинде спортчу-студенттердин сүйлөө жана жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруу [Текст] / Омурова А.М. // "Спорттун улуттук түрлөрү жана дүйнөлүк көчмөндөр оюндары: тарыхый мурасы жана келечеги" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдарынын жыйнагында. - Чолпон -Ата, 4-6-сентябрь, 2017. - 197-201 бб.

13. **Омурова А.М.** Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн кыргыз элинин чүкө менен ойнолучу оюндарын окутуу аркылуу өстүрүү [Текст] / А.М. Омурова // Дене тарбия жана спорт жарчысы. - 2018 (22) -№ 3. - 98-104-бб.

14. **Омурова А.М.** Развитие речевой деятельности студентов-спортсменов при обучении пожвижным играм кыргызского народа [Текст] / А.М. Омурова // Актуальные проблемы социально-гуманитарного и научно-технического знания. – 2019 - № 3 (19) – С. 50-52.

15. **Омурова А.М.** Development of oral and written speech activity of students athletes on occupations of the Kyrgyz language by the appeal to the Kyrgyz national values [Текст] / А.М. Омурова // Российская наука и образование сегодня: проблемы и перспективы. – Курск, 2019. -5 (30) – С. 60-63

16. **Мусаева В.И., Омурова А.М.** Osnovnye problem ovladenie professional noy rechevov devatel nosti studentov-sportsmenov [Текст] / В.И. Мусаева, А.М. Омурова // Alatoo Academic Studies – 2021. - № 1. -174-180-бб.

**Омурова Айна Молдогазиевнанын «Дене тарбия багытындагы студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасы» аттуу темадагы 13.00.02 - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

## РЕЗЮМЕСИ


**Түйүндүү сөздөр:** кыргыз тили, студенттин угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу кеп ишмердүүлүгү, дени сак муун, кеп адеби, кыргыз элинин улуттук кыймылдуу оюндары, педагогикалык эксперимент.

**Изилдөөнүн объектиси:** кыргыз тилин дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** - кыргыз тилин дене тарбия адистигиндеги студенттерге окутууда кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кеп ишмердүүлүгүн өстүрүүнүн методикасын иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү.

**Изилдөөнүн методдору:** байкоо методу; сурамжылоо методу; салыштыруу методу; жалпылоо методу; тарыхый метод; индукция жана дедукция методу; анализ, синтез методу; педагогикалык-эксперименталдык метод.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык баалуулугу:**

- кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин кыргызча сөздүк корун байытуу, тилдик рухий асыл дөөлөттөр, адамдын сак-саламатчылыгы тууралуу баалуулуктары тууралуу түшүнүктөрү учурдагы заманбап окутуп-тарбиялоо технологиясы менен тастыкталды;

- - кыргыз тилин окутууда студенттердин кыргызча кебин байытуунун дидактикалык принциптери аныкталды жана кеп ишмердүүлүгүн өстүрүү методикасынын модели иштелип чыгып, окуу процессинде сыноодон өткөрүлдү.

- - кыргыз тилин окутууда дене тарбия адистигиндеги студенттердин угуу, окуу, сүйлөө, жазуу кеп ишмердүүлүгүн калыптандыруунун илимий-теориялык жана илимий-методикалык негиздери алгачкы ирет иштелип чыгып, практикага сунушталды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** илимий иштин материалдары жогорку окуу жайларында кыргыз тилин жаңыланган багытта окутууда, кыргыз тилин окутуунун жумушчу программаларын, стандарттарын, концепциясын, окуу-методикалык комплекстерди түзүүдө, дене тарбия адистигинен тышкары филолог эмес адистиктеги факультеттердеги студенттерди даярдоодо жана бул темага байланыштуу илимий изилдөөлөрдү улантууда пайдаланышы мүмкүн.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационного исследования Омуровой Айна Молдогазиевны на тему «Методика развития речевой деятельности студентов по направлению физическая культура» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (кыргызский язык)**


**Ключевые слова:** кыргызский язык, устная и письменная речевая деятельность студента, здоровое поколение, национальные подвижные игры кыргызского народа, педагогический эксперимент.

**Объект исследования:** учебный процесс развития речевой деятельности студентов по направлению физическая культура по дисциплине кыргызского языка.

**Предмет исследования:** развития речевой деятельности студентов направления физической культуры по дисциплине кыргызского языка.

**Цель исследования:** разработать методику развития речевой деятельности студентов спортсменов при обучении кыргызского языка и проверить ее эффективности в педагогическом эксперименте.

**Методы исследования:** наблюдение; анкетирование, беседа, сравнение, исторический метод, метод индукции и дедукции, анализ, синтез, педагогический эксперимент.

**Полученные результаты и их новизна:** обогащение словарного запаса и понятий языкового драгоценного достояния о ценностях здоровья человека подтверждаются современными технологиями обучения и воспитания студентов спортсменов;

- в процессе преподавания студентам кыргызского языка разработаны научно-теоретические и научно – методические основы обогащения кыргызского словарного запаса, формирования речевой деятельности;
- определены педагогические условия обогащения кыргызского словарного запаса студентов спортсменов и разработана теоретическая модель методики развития их речевой деятельности.

**Степень использования, рекомендации по использованию, область применения:** Материалы научной работы можно использовать при модернизированном преподавании кыргызского языка в высших учебных заведениях, составлении программ, стандартов, концепций, учебно-методических комплексов, помимо по физической культуры при подготовке студентов не филологических факультетов и продолжении научных исследований, связанных с данной темой.

## RESUME

**Omurova Aina Moldogazievna's dissertation research on theme: "Methodology of development speech activity skills students in the field of physical culture" for getting the degree of candidate of pedagogical sciences by specialty 13.00.02 - theory and methodology of teaching and education (Kyrgyz language)**

**Key words:** Kyrgyz language, student's oral written speech activity, healthy generation, speech culture, national outdoor games of the Kyrgyz people, pedagogical expert.

**Object of research:** the educational process of the development of speech activity of students in the field of physical culture in the discipline of the Kyrgyz language.

**Subject of research:** development of speech activity of students in the field of physical education in the discipline of the Kyrgyz language.

**The aim of the research:** to develop a methodology for the development of speech activity of students in the field of physical education and to verify its effectiveness in a pedagogical experiment.

**Research methods:** observation; questionnaires, conversation, comparison, historical method, induction and deduction method; analysis, synthesis; pedagogical experiment.

**The results obtained and their novelty:** enrichment of the vocabulary and concepts of the precious linguistic treasure of the values of human health are confirmed by modern technologies of training and education of students in the direction of physical education;

- in the process of teaching native language students developed scientific, theoretical and scientific - methodological foundations for enriching the Kyrgyz vocabulary, the formation of speech activity;
- The pedagogical conditions for enriching the Kyrgyz vocabulary of students were determined and a theoretical model of the methodology for the development of their speech activity was developed.

**Degree of use, recommendations for use, scope:** Materials of scientific work can be used in the modernized teaching of the Kyrgyz language in higher educational institutions, in the preparation of programs, standards, concepts, educational and methodological complexes, in addition to the direction of physical education in the preparation of students of non-philological faculties and continued scientific research related to this topic.